**Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын философия жана саясий укуктук изилдоолор Институтунун изденүүчүсү Абдыраманова Чолпондун доктордук диссертациясына илимий консультанттын**

# ПИКИРИ

Абдыраманова Чолпон 2008-жылы саясат таануу илими боюнча кандидаттык диссертациясын коргогон. Доктордук темасын КРнын Улуттук Илимдер Академиясынын философия жана саясий укуктук изилдөөлөр Институтунда 2013-жылы бекиткен. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерге кошумча билим берүү жаатында 2013-жылдан бери эмгектенип келе жатат. 2017-жылдан тартып КРнын Президентине караштуу мамлекеттик башкаруу академиясынын Администрлөө жана башкаруу Жогорку курстарынын директору болуп эмгектенип келе жатат.

Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон тартып мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди окутууга болгон көз-караш, кыргыз коомунун саясий жана социалдык абалы чоң өзгөрүүгө туш болуп, жаңыча көз караштагы изилдөөнү талап кылып турган. Бул тема Кыргыз Республикасынын саясий, социалдык маселелерин түйүнүн билип, бул багыттагы мамлекеттик саясатты түзүүгө өбөлгө боло турган орчундуу, коом тарабынан муктаждык жараткан эң зарыл саясат таанучу жана илимий маселе.

Сунушталган диссертациянын темасы "Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди окутуу боюнча мамлекеттик саясат" актуалдуу илимий проблемага багышталып, негиздүү тандалган. Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн жана жарандык коомдун калыптануу шартында мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жаатында билим берүү системасын жакшыртуу жогорку кесипкөй жана жарандык сапаттардын калыптануусун камсыздаган мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын маанилүү адеп-ахлактык баалуулуктарын жана коомдук багытын калыптоонун маанилүү шарты катары чыгат. Диссертациялык иштин негизги максаты болуп мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын квалификациясын жогорулатууда —мамлекеттик саясатын өнүктүрүү жана жакшыртуу принциптерин изилдөөсү болуп саналат.

Диссертацияда мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутуу жаатындагы мамлекеттик саясатты калыптаган ички механизмдерин, алдыңкы тенденцияларын жана өзгөчөлүктөрүн, улуттук булактарын жана процесстерин көрсөтүү максатында башкаруучуларды окутуу жаатындагы мамлекеттик өнүгүүнүн советтик жана советтик мезгилден кийинки мезгилдерге саясат таануу экскурстары жасалды. Компетенттүү мамиле жана мотивациялык аспектинин эл аралык тажрыйбасы изилденди. Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик кызматтын реформалоосунун негизги баскычтары, социалдык компонентаны эске алуу, билим берүү сапатын камсыздоо, инновациялык мамилелерди жана маалымат технологияларын эске алуу керектиги берилди.

Диссертациянын ар бир түзүлүштүк бөлүгү негиздүү жыйынтыктар менен корутундуланган, актуалдуу илимий изилдөө болуп саналат. Жыйынтыктар системалаштырылган, иштин мазмунуна туура келген корутунду түрүндөгү сунуштар жана маалыматтар илимий бүтүндүккө бириктирилген. Диссертант тарабынан алынган жаңы илимий натыйжалар ишенимдүү, даана жана саясат таануу түзүлүш проблематикасын мындан ары иликтөө үчүн маанилүү концептцалдык-методологиялык мааниге ээ болуп, аны теориялык изилдөө негиздерин кеңейтүүгө мүмкүндүк түзөт. Ошондой эле, саясий түзүлүштүн өзгөрүү мазмуну, социалдык негиздери жөнүндөгү саясат таануу билимдердин тереңдешин камсыз кылат. Саясат таануу изилдөөлөрдүн



Scanned by CamScanner

жыйындысы диссертанттын божомолдорунун тууралыгын далилдеген. Диссертацияда изилденүүчү маселе боюнча бир катар жаңы натыйжалар жана жоболор, ички биримдик камтылган, бул автордун саясат таануу илимине киргизген жеке салымы жөнүндө маалымдайт.

Абдыраманова Чолпон Шабданбаевнанын "Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди окутуу боюнча мамлекеттик саясат" деген темадагы диссертациясынын жоболору азыркы учурдагы иликтеген комплекстүү изилдөө болуп саналат. Диссертацияда мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутуу жаатындагы мамлекеттик саясатты калыптаган ички механизмдерин, алдыңкы тенденцияларын, мүчүлүштүктөрүн, адеп-ахлактык маселелерин, компетенттүү мамилерин, мотивациялык аспектилеринин тажрыйбалары ар тараптан изилденди жана жакшыртуунун механизмдери сунушталды. Анын жыйынтыктары 16 макалада илимий журналдарда жарыяланган.

Абдыраманова Ч.Ш. сунуштаган "Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди окутуу боюнча мамлекеттик саясат" аттуу доктордук диссертациясы теориялык жана тажрыйбалык изилдөөсүнүн деңгээли Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялык комиссиянын талаптарына жооп берет. Иште мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутуу боюнча мамлекеттик саясат маселеси өзгөчө көз караш менен каралып, изилденген иш 23.00.02–саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистигинин паспортуна толугу менен жооп берет.

**Илимий консультанты,**
**тарых жана саясат таануу илимдеринин доктору,**
**профессор** **А.А. Акунов**

И. Раззаков атындагы
Кыргыз Мамлекеттик
Техникалык Университети
Колун тастыктайм КБ
10.04.19



Scanned by CamScanner